# ИЧКИ МИГРАНТТАР ҮЧҮН ПАЙДАЛУУ МААЛЫМАТТАР

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

**Swiss Agency for Development and Cooperation SDC**

КАПС
Кыргызский Альянс Планирования Семьи

Общественное Объединение «АРЫШ»

ЦЗД
СРС

Ассоциация НПО «Эдвокаси Центр По Правам Человека»

# ИЧКИ МИГРАНТТАР ҮЧҮН ПАЙДАЛУУ МААЛЫМАТТАР

КР жараны кепилденген жеңилдик берилген же акысыз медициналык кызматтарды алууга укуктуу, бул үчүн Сиз тандаган кайсы гана болбосун ҮДТ/ҮМБ медициналык мекемесине же жашаган жериңиз боюнча каттоого турушуңуз керек.

Жеке иш менен алектенген жарандар үчүн ММК (милдеттүү медициналык камсыздандыруу) медициналык полисин алуу керек. Медициналык мекемеге катталуу үчүн төмөндөгүлөр болууга тийиш:

- өздүгүн күбөлөндүргөн документ (ID паспорту, балага туулгандыгы жөнүндө күбөлүк, пенсия күбөлүгү) жана кварталдык комитеттен жашаган жери тууралуу маалымкат же ММКдан убактылуу каттоо жөнүндө маалымкат. ММК полиси үчүн ҮДТ/ҮМБда эле төлөөгө болот. КР жарандары үчүн ММК полистери 1200 сомду түзөт. ММК полисинин аракеттенүү мөөнөтү МККга төгүмдөрдү төлөгөн учурдан тарта 15 күндөн кем эмес убакытта башталат жана 12 календардык айдын ичинде жарактуу болот.

Ар бир медициналык мекемеде **маалымат тактасы** бар, ал жерге камсыздандырылган жарандар үчүн **жеңилдиктер, кепилденген акысыз кызматтар** жана камсыздандырылбаган жарандар үчүн (баалардын прейскуранты) толук маалыматтар илинген.

Балдары бар аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ай сайын жөлөк пул дайындоо жана төлөө.
“Үй-бүлөгө көмөк» жөлөк пулун 16 жашка чейинки балдары бар жана орточо айлык киреше үй-бүлөдөгү бир адамга кепилденген минималдуу кирешеден, б.а. 1000 сомдон төмөн болгон үй-бүлө ала алат:

- паспорт;
- иш жүзүндө жашап жаткан жеринен үй-бүлөнүн курамы тууралуу маалымкат;
- балдардын туулгандыгы жөнүндө күбөлүгү;
- үй-бүлөнүн жалпы кирешеси тууралуу маалымат;
- банктын реквизиттери.
- *Статусту же кирешени тастыктоо зарылчылыгына жараша башка документтер.*

**Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөк пул:**

- төлөө жумуш берүүчү менен эмгек мамилелеринде турган аялдар үчүн каралган;
- жеке ишкерлерге;
- дыйкан (фермердик) чарбалардын (ДФЧ) мүчөлөрүнө.
- расмий түрдө жумушсуз деп таанылган, жумушсуздук боюнча жөлөк пул алууга укуктуу болгон аялдарга.

**Документтер:**

- саламаттык сактоо уюмдары тарабынан берилген эмгекке жараксыздык кагазы.
- жумуш берүүчү менен эмгек мамилелеринде турган аялдарга иштеген жери боюнча.
- эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгынан (каттоодо тургандар).

**Аялга кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөк пул кайсы мөөнөткө (календардык күндөр менен) берилет:**

- нормалдуу төрөттө - 126 календардык күнгө (төрөткө чейин 70 күнгө жана төрөгөндөн кийин 56 күнгө);
- оордошкон төрөттө жана эки жана андан көп бала төрөлгөн учурда;
- 140 календардык күнгө (төрөткө чейин 70 күнгө жана төрөгөндөн кийин 56 күнгө).



**ММКФнын ыкчам байланышуу номери: 113**
**КР ССМдин ишеним телефону: (0312) 62-10-23**
**COVID -19 суроолору боюнча CALL-БОРБОРУ-118**

| | | |
|---|---|---|
| № 14 ҮМБсы | Бишкек ш., Дордой ж/к | Тел.: (0312) 46 15 02 |
| № 1 ҮМБсы | Бишкек ш., Фучик көч. 15 | Тел.: (0312) 64 45 40, 64 45 42 |
| № 12 ҮМБсы | Бишкек ш., Кривоносов көч., 206 Б | Тел.: (0312) 21 17 32, 21 17 31, 21 17 90 |
| Республикалык клиникалык жугуштуу оорулар ооруканасы | 720052, Бишкек ш., Л.Толстой көч., 70 | Ишеним телефону: (0312)621023 КР ССМ<br>COVID -19 суроолору боюнча CALL-БОРБОРУ-118 |

**“Үй-бүлөгө көмөк» жөлөк пулун дайындоо үчүн иш жүзүндө жашап жаткан жери боюнча Эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгына кайрылуу керек, мындай учурда катталган жери мааниге ээ эмес.**

| | | |
|---|---|---|
| Бишкек ш., мэриясынын Ленин административдик району боюнча Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы | Бишкек ш., Литвинов көч. 2-а | Тел.: (0312) 65 37 46 |
| Бишкек ш., мэриясынын Биринчи май административдик району боюнча Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы | Бишкек ш., Жибек-Жолу пр. 495-б | Тел.: (0312) 67 04 33 |
| Бишкек ш., мэриясынын Октябрь административдик району боюнча Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы | Бишкек ш., Байтик-Баатыр көч.17 | Тел.: (0312) 51 02 63 |
| Бишкек ш., мэриясынын Свердлов административдик району боюнча Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы | Бишкек ш., Чүй пр.28 | Тел.: (0312) 53 03 68 |
| Ош МЭСӨБ | Ош ш., Ленин көч.312 | Тел.: (03222) 703 10 |

**МСЭК экспертизасынан өтүү Майыптуулуктун бар экендиги фактысын аныктоо боюнча Күбөлөндүрүү/кайра күбөлөндүрүү, майыптуулуктун тобун, себебин, майыптык башталган мөөнөттөрдү аныктоо**

1. 1.Экспертиза мамлекеттик кызмат болуп саналат жана жарандардын арызы боюнча жүргүзүлөт. Экспертиза жарандын туруктуу жашаган жери (каттоосу) же убактылуу жашаган жери (жашаган жеринен алынган маалымкаттын негизинде) боюнча МСЭК тейлеген аймак боюнча жүргүзүлөт.
2. Экспертиза жүргүзүү тартиби. Жаран тиешелүү документтери менен МСЭКке кайрылат.

**Документтер:**

- жарандын белгиленген формадагы арызы;
- Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту (ID-карта);
- ички иштер органдары тарабынан берилген, белгиленген үлгүдөгү маалымкат - убактылуу каттоо жөнүндөгү талон (БИ — талон);
- 18 жашка чейинки балдарга — туулгандыгы жөнүндө күбөлүк, ата-энесинин же баланын мыйзамдуу өкүлүнүн Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту (ID-карта);
- абактан бошотулгандыгы тууралуу маалымкат;
- жашап туруу укугу — жашап туруу укугу таризделген жана мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген, чет элдик жарандарда жана жарандыгы жок адамдарда Кыргыз Республикасында туруктуу жашаганга уруксаты бар болсо.
- эмгек ишмердүүлүгү менен алектенген адамдар үчүн эмгек китепчеси (эмгек китепчеси жок болгон учурда – Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунан (мындан ары – Социалдык фонд) маалымкат;

**Медициналык документтер:**

- саламаттык сактоо уюмунун жолдомосу — № 088/у формасы;
- 18 жашка чейинки жарандарга — саламаттык сактоо уюмунун 18 жашка чейинки балага медициналык-социалдык экспертизага — №088д/у формасы боюнча жолдомосу;
- 18 жаштан жогорку курактагы жарандарга — саламаттык сактоо уюмунун медициналык-социалдык экспертизага — №088/у формасы боюнча жолдомосу (жолдомонун жарактуу мөөнөтү – толтурулган күндөн баштап үч айга чейин);
- амбулатордук карта, стационардык дарылоонун көчүрмөлөрү, ооруну тастыктаган медициналык документтер (консультациялык корутундулар, текшерүүлөрдүн жыйынтыктары);
- эмгекке жарамсыздык — иштеген жарандар үчүн.

**Республикалык ДМЧАларды калыбына келтирүү борбору**

**1-3-топтогу майыптыгы бар ДМЧАларды ден соолукту жакшыртууга санаториялык-курорттук жолдомолор менен камсыздоо аймактык социалдык өнүктүрүү башкармалыктарында 5 жылда бир жолу ишке ашырылат.**



| | | |
|---|---|---|
| Республикалык медициналык – социалдык экспертиза борбору | Бишкек ш., Бөкөнбаев көч. 144-а | Тел.: (0312) 30 08 23 |
| Ош шаардык МСЭК | Ош ш., Ленин чолок көч.312/а | Тел.: (03222) 72178 |
| Ош ш., райондор аралык көз боюнча МСЭК | Ош ш., Ленин чолок көч.312/а | Тел.: (03222) 71701 |
| Ош ш., райондор аралык психиатриялык МСЭК | Ош ш., Касымбеков көч.9 | Тел.: (03222) 85145 |
| Ош ш., райондор аралык фтизиатриялык МСЭК | Ош ш., Чкалов көч.3 | Тел.: (03222) 64287 |
| Бишкек ш., райондор аралык №1 МСЭК | Бишкек ш. Фучик көч., 24 | Тел.: (0312) 65 01 17 |
| Бишкек ш., райондор аралык №2 МСЭК | Бишкек ш., Чүй 34 | Тел.: (0312) 68 11 53 |
| Бишкек ш., райондор аралык №3 МСЭК | Бишкек ш., Бөкөнбаев көч. 99 | Тел.: (0312) 30 32 71 |
| Бишкек ш., райондор аралык фтизиатриялык МСЭК | Бишкек ш., Бөкөнбаев көч.137 | Тел.: (0312) 30 00 86 |
| Райондор аралык № 1 психиатриялык МСЭК | Бишкек ш., Байтик Баатыр көч. 1 а | Тел.: ( 0312) 51 05 66 |
| Райондор аралык № 2 психиатриялык МСЭК | Бишкек ш., Байтик Баатыр көч. 1 а | Тел.:(0312 )57 49 63 |
| Бишкек ш., райондор аралык көз боюнча МСЭК | Бишкек ш., Бөкөнбаев көч.99 | Тел.: (0312) 30 32 64 |
| Республикалык ДМЧАларды калыбына келтирүү борбору | Бишкек ш., Кривоносов көч.208 | Тел.: (0312) 21 10 99, 21 11 25, факс: (0312) 21 10 86 |
| КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемеси (РПОБМ). | Бишкек ш., Кривоносов көч.208 | e-mail: rppoi@mail.ru |

**Балага сүйүнчү (бир жолку төлөм)**

«Балага сүйүнчү» бир жолку төлөөсү үчүн кайрылуу бала төрөлгөн күндөн тартып алты айдан кеч эмес убакытта берилген учурда чектелет. **(4000 сом).**

Сүйүнчү пулду алуу жолу жеңилдетилди. МКК, КТБга балага туулгандыгы жөнүндө күбөлүк алууда, чогуу арыз жазылса, сүйүнчү пулду алуу каралган).

- арыз жазган адамдын паспортунун көчүрмөсү
- баланын (балдардын) туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү
- банктын реквизиттери.

**КТБда паспорт алуу**

16 жашка чыккан адам кайрылган учурда жалпы жарандык паспортту тариздөө үчүн керектүү документтердин тизмеси:

- анкета-арыз;
- жалпы жарандык паспортту тариздөө, даярдоо жана берүү үчүн төлөмдү тастыктаган дүмүрчөк;
- Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдагы үлгүсүндөгү паспорту (бар болсо) же туулгандыгы жөнүндө күбөлүк – КБМКда маалыматтары жок болгон учурда;
- турак жайга укукту тастыктаган документтер. Ошондой эле эгерде ата-энеси үйдүн ээси эмес болсо, арыз берүүчүнүн дарегин “ДМБ” АМСка каттоо үчүн үйдүн ээсинин нотариустан күбөлөндүрүлгөн макулдугу.

**ID-карттын баасы**

1. Биринчи жолу алып жаткандарга, жарактуу мөөнөтү өткөндүгү боюнча алгандарга - **470 сом**
2. Жоголуп кеткен же жараксыз болуп калгандын ордуна алуу - **670 сом**



“Балага сүйүнчү” алууга жана паспорт алууга, каттоого арыздарды кайда берүүгө болот
Иш жүзүндө жашап жаткан жери боюнча Калкты тейлөө борборуна (КТБ):

| | | |
|---|---|---|
| КТБ-1<br>«ДК» СБ | Бишкек ш., 12-кичирайон,<br>Нуркамал көч.,29 | (0312) 62 41 40<br>(ишеним телефону)<br>0 800 555 55 10 |
| КТБ-2<br>«Гранд Комфорт» СБ | Бишкек ш.,<br>Чокан Валиханов көч., 2 | CALL-БОРБОР 119<br>(КР боюнча чалуу акысыз) |
| КТБ-3<br>Ленин району | Бишкек ш.,<br>Жаш Гвардия пр., 4 | CALL-БОРБОР 119<br>(КР боюнча чалуу акысыз) |
| КТБ-4<br>«Два Прораба» ГМ | Бишкек ш.,<br>Ауэзов көч. 1/5 | |
| КТБ-1 | Ош ш., Ленин көч. 318 | |
| КТБ-2 | Ош ш., Раззаков көч. 2а | |

Бардык суроолор боюнча иш жүзүндө жашап жаткан жери боюнча райондук/шаардык эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгына кайрылууну өтүнөбүз.

http://mlsp.gov.kg сайтына
(0312)454062 и (0312)454059 телефондору боюнча

**КРӨ МККсына караштуу “Унаа” мамлекеттик мекемеси**

**Автотранспортту тариздөө (каттоо, каттоодон чыгаруу)**

Транспорт каражаттарын, шаймандарды жана жабдууларды ыйгарым укуктуу органга баштапкы каттоо үчүн берүү керек:

- белгиленген формадагы арыз;

***Жеке жактар үчүн:***

- Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдагы үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) же идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдагы үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта), чет өлкөлүк жарандын жана жарандыгы жок адамдын жашап туруу укугу.

**CALL-БОРБОРУ: 119**

| | | |
|---|---|---|
| МККга караштуу “Унаа” мамлекеттик мекемеси | Бишкек ш.,<br>Чокан Валиханов көч., 2а | Тел: (0312) 63 23 63 |
| Ош аймактык бөлүмү | Ош ш., Навои көч., н/ж | тел. (03222) 565 80 |
| Ош шаардык бөлүмү | Ош ш., Касымбеков көч., 30 | тел. (03222) 395 47 |

**Пенсияларды алуу**

КРнын "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык, төмөндөгү пенсиянын түрлөрү чегерилет:

**a. курагы боюнча;**
**b. майыптыгы боюнча;**
**c. багуучусун жоготкондугу боюнча.**

Эгерде Сиз бир канча себептер боюнча пенсияларды алууга укуктуу болсоңуз, анда Сизге пенсиянын бир гана түрүн чегерүүнү тандоого тийишсиз. Пенсия чегерүү боюнча негизги керектүү документтердин тизмеси:

- Пенсия чегерүү жөнүндөгү арыз;
- Пенсия чегерүү үчүн кайрылган адамдын өздүгүн күбөлөндүргөн документ, анын курагы жана жашаган жери (паспорт);
- 1996-жылга чейинки иштеген жылдар үчүн эмгек стажы жана камсыздандыруу стажына барабар болгон иштеген жылдары (окуу, аскерде кызмат өтөө, балдарды багуу) тууралуу документтер;
- эмгек китепчеси (эмгек китепчеси жоголуп кеткен учурда архивдеги маалымкаттар берилет);
- № 1 жана № 2 Тизмелер боюнча жеңилдетилген камсыздандыруу стажын тастыктоо үчүн эмгектенүүнүн өзгөчө зыяндуу шарттары тууралуу тактоочу маалымкат берилет;
- диплом (дипломдун түп нускасы жок болгон учурда тиешелүү окуу мекемесинен маалымкат берилет);
- аскердик билет же аскердик комиссариаттан аскердик кызмат өтөгөн мезгили жөнүндөгү маалымкат;
- фамилияны өзгөртүү учурундагы никени каттоо же бузуу жөнүндөгү күбөлүк;
- балдардын төрөлгөндүгү жөнүндө күбөлүк;
- багуучусун жоготкондугу боюнча пенсия чегерүүдө дагы багуучунун өлүмү жөнүндөгү күбөлүк сөзсүз түрдө көрсөтүлөт;
- пенсия күбөлүгүн алуу үчүн 3х4 см өлчөмүндөгү бир фотосүрөт;
- Сиздин каалооңуз боюнча, жумуш берүүчүлөр же мамлекеттик органдар тарабынан баштапкы бухгалтердик документтердин негизинде берилген 1996-жылдын 1-январына чейинки кайсы гана болбосун 60 ай катары менен иштеген мезгил үчүн айлык акы (киреше) жөнүндөгү маалымкаттар.



Бардык кызыктырган суроолор боюнча CALL-БОРБОРУ – **1202ге,**
(0312) 57 63 01 телефону аркылуу кайрылууга болот.
ЖУМУШЧУ ГРАФИГИ: дүйшөмбү - жума, саат 9:00дөн 18:00гө чейин.
ТЫНЫГУУ: саат 12:30 дан 13:30га чейин
ТЕЛЕФОН/ФАКС: (0312) 54 45 50; (0312) 54 45 29; (0312) 54 52 25
E-MAIL: help@sf.kg
ИШЕНИМ ТЕЛЕФОНДОРУ: (0312) 54 33 16; (0312) 57 66 61;
УЮЛДУК ИШЕНИМ ТЕЛЕФОНДОРУ: (0555) 64 04 16
Бишкек ш., Борбордук башкармалыгынын дареги: Радищев көч. 62

**Октябрь райондук башкармалыгы:**
ЖУМУШ КҮНДӨРҮ: – дүйшөмбү - жума
ТЕЛЕФОНДОР: (0312) 56 72 32, 54 30 37
ДАРЕГИ: Бишкек ш., 10 к-р. Саманчин көч.,6

**Свердлов райондук башкармалыгы**
ТЕЛЕФОНДОР: (0312) 32 55 86, 67 08 63
ДАРЕГИ: Бишкек ш., Жибек-Жолу пр.491

**Ленин райондук башкармалыгы:**
ТЕЛЕФОНДОР: (0312) 64 43 02, 65 06 56
ДАРЕГИ: Жаш Гвардия гүлбагы 27

**Биринчи май райондук башкармалыгы:**
ТЕЛЕФОНДОР: (0312) 32 47 66 кабылдама, (0312) 32 46 28
ДАРЕГИ: Бишкек ш., Жибек-Жолу пр., 356

**Ош шаардык башкармалыгы:**
ТЕЛЕФОНДОР: (03222) 56690, (03222) 07090
ДАРЕГИ: 714018, Ош ш., Курманжан Датка көч., 130

**КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин Иш менен камсыздоого көмөктөшүү боюнча Бишкек шаардык башкармалыгы**

Жумушсуз катары катталуу жана тиешелүү маалымкаттарды берүү

Жумушсуздук боюнча жөлөк пулдарды чегерүү жана төлөө. Жумушсуздук боюнча жөлөк пул белгиленген тартипте расмий жумушсуз деп таанылган жарандарга, ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнө кайрылуунун алдында акыркы 3 жылда 12 айдан кем эмес эмгек стажысы бар, КР Социалдык фондуна тастыкталган камсыздандыруу которуулары болгон учурда төлөнүп берилет.

Жумушсуздук боюнча жөлөк пул расмий жумушсуз адамга КР Социалдык фонду тарабынан берилген жеке камсыздандыруу эсебинен көчүрмө берген учурда чегерилет.

Расмий түрдө жумушсуз адам ишке орношууга активдүү көмөктөшүүгө жана ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнө ай сайын жумуш издеп жаткандыгы жөнүндө маалыматтарды берип турууга милдеттүү.

Кызмат алуу үчүн зарыл болгон документтер:
- паспорт
- эмгек китепчеси
- кесиптик квалификациясын күбөлөндүргөн документ.

Жумушсуздук боюнча биринчи жөлөк пулду төлөө жумуш издеген жаранды расмий жумушсуз деп таанығандан кийин бир ай өткөндөн кийин жүргүзүлөт жана андан ары айына бир жолудан кем эмес төлөнөт

(мамлекеттик кызмат акысыз көрсөтүлөт).



Дареги: Бишкек ш., Токтогул көч. 237
Тел: (0312)655868

Аймактарда жумушсуз катары каттоо жана тиешелүү маалымкаттарды берүү
Жумушсуздук боюнча жөлөк пул чегерүү жана төлөмдөр
КР ЭСӨМдүн аймактык эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыктарына ишке ашырылат.

**Жерге жайгаштыруу иштерин тариздөө жана жер тилкесине болгон укуктарды күбөлөндүрүүчү документтерди берүү.**

**Керектүү документтер:**

1. укук ээси же арыз берүүгө укуктуу адам тарабынан берилген жекече арыз;
2. каттоочу органдын кызматтарын төлөө жөнүндөгү дүмүрчөк;
3. кыймылсыз мүлктүн бирдигине укукту орнотуучу жана (же) укукту күбөлөндүргөн документ;
4. төлөм: документтерди тариздөөнүн баасы кыймылсыз мүлктүн бирдигинин конфигурациясы жана бурулуш чекиттеринен көз каранды;
5. төлөм кызматтарды көрсөтүүчү жердеги кассада жүргүзүлөт;
6. өздүгүн күбөлөндүргөн документ.

Кошумча маалыматты: (0312) 30 06 45, (0312) 66 56 32 телефондору аркылуу алууга болот.

- КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Кадастр жана кыймылсыз мүлккө болгон укуктарды каттоо департаменти, 720040 Бишкек ш., Орозбеков көч.44. Тел: (0312) 66 50 12. Факс: (0312) 66 49 34.
  Web-сайт: http://www.gosreg.kg
- Бишкек шаардык башкармалыгы. Дареги: Бишкек ш., Ч.Айтматов пр.,1. Байланыш телефондору: (0312) 56 21 52 кабылдама. Иштөө режими: саат 8:30 дан 17:30га чейин. Кабыл алуу күндөрү: дүйшөмбү, шейшемби, шаршемби, бейшемби, жума — саат 8:30дан 17:30га чейин. Дем алыш күндөрү: ишемби, жекшемби.
- Ош шаардык башкармалыгы. Дареги: Ош ш., Раззаков көч. 15а. Байланыш телефондору: (03222) 84518. Иштөө режими: саат 8:30дан 17:30га чейин. Кабыл алуу күндөрү: дүйшөмбү, шейшемби, шаршемби, бейшемби, жума — саат 8:30дан 17:30га чейин. Дем алыш күндөрү: ишемби, жекшемби.